*Класстык саат:*

# ТЕМА: "КАНТИП ТОЛЕРАНТТУ БОЛУУ КЕРЕК?" (8-9 класстар үчүн)

*Адамдагы эң сонун нерсе – адам*
*менен адам болуу, жана аларга туура мамиле кылуу.*
*Толеранттулук – адамдын баалуулугу*



*Сабырдуулук, кечиримдүүлүк, толеранттуулук тынчтыкка шарт түзгөн нерселер деп саналат*

| Сабактын максаттары | | |
|---|---|---|
| | *Мугалим* | **Күтүлүүчү натыйжалар** |
| **Билим берүүчүлүк:** азыркы учурдагы толеранттулуктун түрлөрү жана аларга коюлуучу айрым талаптар тууралуу маалымат алышат. | Окуучуларды "Толеранттуулук" түшүнүгү менен тааныштыруу; Окуучуларга сабырдуулукка, кечиримдүүлүккө тарбиялоо; Окуучулардын толеранттуу аң-сезимин калыптандыруу. | **Эгерде окуучулар сабактын аягында:** ✓ Толлеранттулук деген эмне экенин? айтып бере алышат; ✓ Адамдардын ортосундагы айырмачылыктарга сабырдуулук менен мамиле жасоого түшүнүктөрү кеңеет; Толеранттулук боюнча суроолорго жооп бере алышат; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Толеранттулуктун өз ара маанилерин салыштырып, өз идеясын кошумчалап, талдоого көнүгүшөт. | Окуучулардын толеранттуулук түшүнүгү боюнча ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүү. Толеранттулук жөнүндө окуучулардын аң-сезимине жеткирүү; | Окуучулар толеранттулук тууралуу түшүнүшөт. Окуучулардын сабырдуулук, адептүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдейт. |

| | | |
|---|---|---|
| **Тарбия берүүчүлүк**: окуучулар толеранттулук жөнүндө үйрөнүшөт. | Окуучулардын толеранттуу көз карашын калыптандыруу.<br><br>Окуучуларды сабырдуулукка, ынтымакка, кең пейилдикке, ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо.<br>Озүнүн кулк мүнөзү жөнүндө ой жүгүртүүгө багыт алып, ачууга алдырбоого үйрөнүүсүнө өбөлгө түзүлөт. | Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.<br>Окуучулар толеранттуу болууга тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

1. Окуучулардын толеранттулук түшүнүктөрү тереңдесе;
2. Окуучулар сабырдуулуктун, кең пейилдиктин сапаттарын сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшсө;
3. Өз өлкөсүнүн келечекте өнүгүшү үчүн Мекенине өзүнүн салым кошуусу зарыл экенин сезишсе.

**Сабактын тиби:** билимдерин жалпылоо жана системалаштыруу.
**Сабактын формасы:** топторго иштөө.
**Сабактын методу:** интерактивдүү окутуунун методдору. Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактын жабдылышы:** таркатма материалдар, флипчарт-ватман, фломастер, 2 түстөгү стикерлер, слайддар, таяныч создөр жазылган карточкалар топтому.



**Даярдоо иш-чаралары.**

- Ватмандын чоң барагына «толеранттуулук» түшүнүгүнүн аныктамасын жазуу жана класстын арткы жагын каратып доскага илип коюу керек;
- Таркатуу материалдары: Толеранттуулук деген эмне жана толеранттуулуктун түрлөрү.

**Толеранттуулуктун аныктамасы:**

- Башка бирөөлөрдүн оюн сыйлоо;
- Адамдык кадыр-баркты сыйлоо;

- Башкалардын укугун сыйлоо;
- Башка бирөөнү кандай болсо ошондой кабыл алуу;
- Өзүңдү башка бирөөлөрдүн ордуна коюу жөндөмдүүлүгү;
- Башкача болуу укугун сыйлоо;
- Көп түрдүүлүктү таануу;
- Башкалардын тең укуктуулугун таануу;
- Күч колдонуудан, жабыр келтирүүдөн, басмырлоодон баш тартуу.

**Сабактын планы:**

| № | **Көнүгүү** | **Убакыт** |
|---|---|---|
| 1. | Активдештирүү көнүгүү «Мен киммин». | 10 мүн. |
| 2. | Киришүү бөлүгү | 5 мүн. |
| 3. | Негизги бөлүк<br>• Толеранттуулук деген эмне?<br>• Толеранттуулуктун түрлөрү | 25 мүн. |
| 4. | Жыйынтыктоо бөлүгү. Коштошуу адеби | 5 мүн. |
| | | 45 мүн. |

I. **Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Мугалим: Балдар, толеранттуулукту кандай түшүнөсүңөр?** *(Балдар өз оюн айтат)*

**Таанышуу. Көнүгүү иштөө.**

Азыр силер менен көнүгүү иштейбиз. Ар биринер бирден барак алып «Мен киммин?» деп жазгыла. Кандай экениңерди (элпек, жалкоо, боорукер ж.б.), тааныштарга кандай, ал эми бейтааныштарга (улууга, кичүүгө) кандай мамиле жасаганынарды жазсанар болот. Эми класс 4 топко бөлүнүп, ар бир топ ичинде талкуулагандан кийин, иргелип, тастыкталган ролдорду 4 окуучу доскага жазышат.

Ролдордун тизмесине кошумчалар киргизилиши мүмкүн. Мисалы, «классташ», «тааныш», «жүргүнчү», «бейтааныш» ж.б.

**Тыянак:** Эгерде биз бири-бирибизге чыдамдуулук, сабырдуулук, урматточулук, түшүнүүчүлүк менен мамиле кылсак, анда бизге турмуштук ролубузду аткаруу алда канча женил болот.

**II. Талкуу учун суроолор:**

**Балдар, эгерде бирөөңөр ачуулансаңар эмне кыласыңар?**

1. Ачуу менен бирөөнү капа кылып, ачуун таркаган соң өкүнгөн учурларыңар болгонбу?

1. “Он колундун ачуусун сол колуң менен бас” – деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?

**Мугалим:**

**III. Негизги бөлүк: Толеранттуулук деген эмне?**

**Толеранттулук** – башка пикирлерге, салттарга, көз караштарга, ишенимдерге түшүнүү, сыйлоо, урматтоо жана сабыр менен мамиле кылуу.

Эми бул түшүнүктүн маанисин чечмелеп көрөлү. Адам өзүнүн жашоо турмушунда

ар кыл улуттардын, маданияттардын, социалдык катмарлардын өкүлдөрү менен баарлашат, алака түзөт, ошондуктан ал өз элинин да, башка элдин да маданий баалуулуктарын кадырлап урматтай билүүгө үйрөнүшү, алакалашуунун жолун таба билиши өтө маанилүү болуп саналат. Андан тышкары, инсандык сапат катары толеранттуулук (сабырдуулук) күтүлбөгөн жагдайлардан ийгиликтүү чыгып кетиш үчүн да зарыл болуп саналат. Сабырдуулук кыла албаган адамдар турмуш тушуктурган өзгөрүүлөргө туруштук бере алышпай, чапчандык кылып жиберишет да, башкалар менен алакаларын бузуп алышат же мамиле түзө алышпайт.

1995-жылдын 16-ноябрында ЮНЕСКОнун Парижде өткөн башкы конференциясында «Толеранттуулук принциптеринин декларациясы» бекитилген. Ошондуктан 16-ноябрь – Эл аралык толеранттуулук күнү деп жарыяланган. Толеранттуулук - башка улуттагы, маданияттагы, диний ишенимдеги жана социалдык чөйрөдоөгү адамдардын этностордун, социалдык топтордун ортосундагы өз ара чыдамдуулук жана сабырдуулук менен ынтымактуу ымалада болуу үчүн психологиялык жактан даяр болуучулук жана жигердуу адеп-ахлактык мамиледе болууга умтулуучулук.

Интолеранттуулук – мазмуну боюнча толеранттуулукка карама каршы келген абал.

**Мугалим:** 3-4 окуучудан турган топторго бөлөт. Ар бир топ ватманга

толеранттуулукка аныктама беришет. Аныктама кыска жана маанилүү болушу керек. Талкуулагандан кийин ар бир топтун өкүлү доскага аныктаманы илип, окуучуларды толеранттуулук аныктамасы менен тааныштырат.

Топтор өздөрүнүн аныктамасын окуп бүткөндөн кийин, мугалим алдын ала жазылган толеранттуулуктун аныктамасын окуучуларга көрсөтөт.

**1-окуучу: Толеранттуулук** — башка бирөөлөрдүн жашоо образын, жүрүм-турумун, сезимдерин, ой пикирин, урп-адаттарын, диний ишенимдерин сабырдуулук менен кабыл алып, мультиэтникалык, көп маданиятуулук чөйрөсүндө туруктуу чогуу жашоо дегенди түшүндүрөт.

**2-окуучу:** Толеранттуулук - бул назиктикти, башка адамды урматтоону, сылык жана токтоо бойдон калуу менен, өз көз карашын жана ишенимин коргой билүүнү камтыган кыйла татаал аныктама.

**3-окуучу: Толеранттуулук** биздин дүйнөдө ар түрдүү маданияттарга бай экендигин туура түшүнүү жана ынануу, кабыл алуу, сыйлоо үчүн билим, ачыктык, сүйлөшүү, эркин ойлоо, ыйман, ишеним жардам берет.

ТОЛЕРАНТТУЛУК ДЕГЕН СӨЗДҮН КЕЛИП ЧЫГЫШ ТАРЫХЫНА КАЙРЫЛЫП КӨРӨЛҮ.

XVIII-XIX кылымдарда Францияда Беневенттик князь Талейран Перигор деген адам жашаптыр. Ал Франциянын бир нече өкмөтүнүн тушунда катары менен эч алмаштырылбастан тышкы иштер министри болуп иштеген экен. Талейран ар тараптуу таланттуу адам болгондуктан, айлана тегерегиндеги кызматкер адамдардын оюн, маанайын туя, аларды урматтап мамиле жасай билчү.

Биз кеп кылып жаткан «толеранттуулук» деген түшүнүктүн мааниси дал мына ошол жөн билги саясий ишмер, тарыхый инсан Талейран Перигордун ысмына байланыштуу чечмеленип калыптыр. Ал бизче сабырдуулук деген маанини билдирет.

Дүйнөдө 7 миллиардан ашык адам бар. Ар биринин кулк-мүнөзү, тарбиясы, темпераменти ар башка. Демек бардык эле адам толеранттуу боло албайт.

***Толеранттуулуктун түрлөрү***

**Толеранттуулук** – бул баалуулуктардын жана нормалардын системасы. Бул системаны негизгилери булар:

- инсанды сыйлоо – ар бир адамдын улутуна, диний ишенимине жана башка мүнөздөмөлөрүнө карабай конкреттүү мүнөзү жана жүрүм-туруму үчүн баалоо;
- адам укугун сыйлоо – ар бир адам баласынын коомчулуктун моралдык жана укуктук нормаларына каршы келбеген улуттук, диний жана башка мүнөздөмөлөр боюнча өзүн алып жүрүүгө жана ой пикирин айтууга укугу бар;

- **Жашына негизделген толеранттуулук** – адамдын жашына байланыштуу

далилденбеген «кемчиликтерге» карай кемсинтпөө (улуу-картаң адамдардын жаштардын тажрыйбасы жана билиминин аздыгы үчүн түшүнбөстүгү, ж.б.). Жашына негизделген толеранттуулук кары адамдарды сыйлоо көп элдин маданиятына туура келет.

- **Билимге негизделген толеранттуулук** – билими жогору адамдардын билими төмөн адамдардын ой пикирине, жүрүм-турумуна түшүнүү менен мамиле жасоо. Көп учурда толеранттуулуктун бул түрү күндөлүк жашоодо көп кездешет жана билим деңгээли чечүүчү фактор катары эсептелген суроолорду талкуулоо менен байланышпайт.
- **Улутуттар аралык толеранттуулук** – башка улуттагы адамдарга оң мамиле кылуу, улуттун жеке өкүлдөрүнүн кемчиликтерин жана терс жүрүм-турумун бардык улутка тиешелүү кылбоо, кандай гана адам болбосун «улуттук айыпсыздыкты урматтоо» позициясы менен мамиле жасоо.
- **Тилге негизделген толеранттуулук** – башкалардын тил маданиятына жана силерди түшүнбөгөн адамдарга сый мамиле жасоо.

**Мугалим:** Толеранттуу жана толеранттуу эмес жүрүм-турумдун белгилерин айтабыз. Доскага эки ватман илинет жана мээ чабуулу аркылуу сапаттар жазылат.
**Мугалим:** Төмөндөгү суроолор боюнча талкуу жүргүзөт:

- Азыркы учурда толеранттуулук темасы актуалдуубу? Эгерде «ооба» десеңер, анда эмне үчүн?

Толеранттуу жана толеранттуу эмес жүрүм-турум.

**Мугалим аныктама берет:** Толеранттуу эмес деген бул башка адамды кабыл албоо, башка адамдар менен бирге жашоого даяр болбоо; Толеранттуулук эмес жүрүм-турум агрессивдүүлүк жана конфликт аркылуу көрүнөт.

Толеранттуу жана толеранттуу эмес жүрүм-турумдун белгилерин айтабыз.

Доскага эки ватман илинет жана мээ чабуулу аркылуу сапаттар жазылат.

**Толеранттуу жүрүм-турум**

- Башкалардын оюн сыйлоо;
- Ак тилек каалоо;
- Чогуу бир нерсени аткаруу;
- Түшүнүү жана кабыл алуу;
- Сезгичтик жана билүү үчүн тырышчаак болуу;
- Башка бирөөнүн көңүлүн кароо;
- Ишеним;
- Кечирүү;
- Өзүн алып жүрүү жөндөмдүүлүгү;

**Толеранттуу эмес жүрүм-турум**

- Башкалардын оюн түшүнбөө;
- Тоготпоо;
- Өзүмчүлдүк
- Эгоизм;
- Кыжырдануу;
- Кайдыгерлик;
- Барк албагандык;
- Сабырсыздык;
- Агрессивдүү болуу;

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Эми балдар, силерге суроо бергим келип турат:**



1. *Толеранттуулук деген эмне?*
2. *Адамдык кадыр-барк деген сөз эмнени билдирет?*
3. *Башка бирөөнү кандай болсо ошондой кабыл алуу – дегенди кандай түшүнөсүңөр?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



1. “Сабыр кылсаң – алтын аяктан суу ичесиң”
2. “ Жердей оор, тоодой бекем бол!”.
3. “Адамдагы эң сонун нерсе – башкаларга туура мамиле кылуу”.
3. «Сабырдын түбү сары алтын».
4. “Сабырдуу адам көп нерсеге жетет”.
5. “Сабырдуу болсоң – озорсуң, сабырсыз болсоң - осолсуң”.

**Жыйынтыктоо:**

Балдар, биз бүгүнкү сабагыбызда**: “Кантип толерантту болуу керек?”** деген класстык саат өтүп, билдик.

**Билем:** Сабырдуу болуу.

**Билдим:** Башка улуттагы адамдарга оң мамиле кылуу, сыйлоо.

**Билгим келет:** Ар кыл улуттардын, маданияттардын, социалдык катмарлардын өкүлдөрү менен баарлаша , алака түзгөндү жана башка элдин да маданий баалуулуктарын кадырлап урматтай билүү

**Үй тапшырма:** Мен толеранттуу адам болом ( Эссе жазуу).